УДК 81’373.612:78.022(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-6-139-143

# ЯЗЫКОВЫЕ СРЕДСТВА, СВЯЗАННЫЕ С НАЗВАНИЯМИ КЫРГЫЗСКИХ НАЦИОНАЛЬНЫХ САМОЗВУЧАЩИХ ИНСТРУМЕНТОВ

***Б.С. Чекеева***

*Аннотация*. В статье приведены сведения об обстоятельствах происхождения названий, связанных с кыргызскими национальными самозвучащими музыкальными инструментами и их частями, а также о нескольких видоизменённых вариантах этих инструментов у других народов и родственных названиях. Ооз комузом назывался потому, что играли на этом музыкальном инструменте, зажав ртом, а конструкция состояла из железа и дерева. Проанализированы лексико-семантические особенности названий, относящихся к музыкальным инструментам и их частям. Определено, что названия связаны с частями человеческого тела, предметами, используемыми в быту, и материалами, из которых они изготовлены. Металлический губной щипковый инструмент иногда называли комузом. А в названии кыргызского национального струнного комуза можно встретить такие лексические компоненты, как чаша, отверстие, комуз, которые встречаются у самозвучащих инструментов.

*Ключевые слова:* металлический губной щипковый инструмент; деревянный губной комуз; самозвучащий инструмент; музыка; комуз; чаша; вилка; отверстие; национальный.

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК КАКМА МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРДЫН АТАЛЫШЫНА БАЙЛАНЫШТУУ ТИЛДИК КАРАЖАТТАР

***Б.С. Чекеева***

*Аннотация*. Макалада кыргыз улуттук какма музыкалык аспаптарына жана анын бөлүктөрүнө байланыштуу атоолордун келип чыгыш жагдайлары, ал аспаптардын башка элдердеги бир аз өзгөртүлгөн варианттары жана ага тиешелүү аталыштары тууралуу маалыматтар камтылды. Оозго такап музыкалык аспап катары ойнолгондуктан, ооз комуз деп аташкандыгы, жасалган материалына карата “темир” жана “жыгач” деген сөздөр менен айкашкандыгы берилди. Музыкалык аспаптарга жана анын бөлүктөрүнө байланыштуу атоолордун лексика-семантикалык өзгөчөлүгү талдоого алынды. Атоолордун адамдын дене боюнун бөлүктөрү, күнүмдүк турмуш-тиричиликте пайдаланган буюмдар, жасалган материалдар менен байланыштыгы аныкталды. Ооз комуз аспабы кээде комуз деп айтыла тургандыгы, какма музыкалык аспаптардын бөлүктөрү болгон чара, көзөнөк, комуз деген сыяктуу атоолор кыргыз улуттук чертме комуз аспабын атоодо да кездеше тургандыгы каралды.

*Түйүндүү сөздөр:* темир комуз; жыгач комуз; какма аспап; музыка; комуз; чара; тил; жаак; көзөнөк; улуттук.

# LANGUAGE TOOLS RELATED TO THE NAMES OF KYRGYZ NATIONAL SELF-SOUNDING INSTRUMENTS

***B.S. Chekeeva***

*Abstract*. The article provides information about the circumstances of the origin of names associated with the Kyrgyz national self-sounding musical instruments and their parts, several modified versions of these instruments from other peoples and related names. The oral komuz was called because playing these musical instruments is associated with the human mouth, and they were made of iron and wood. The lexicon-semantic features of names related to musical instruments and their parts are analyzed. It is determined that the names are associated with parts of the human body, objects used in everyday life, and the materials from which they are made. It is determined that the names areassociated with parts of the human body, objects used in everyday life, and materials from which they are made. The metal lip plucked instrument was sometimes called a komuz and the lexical components as a bowl, that

the oral instrument komuz is sometimes pronounced as a komuz, and in the name of the Kyrgyz national stringed komuz one can find such lexical components as a bowl, a hole, a komuz that are found in self-sounding instruments.

*Keywords:* metal plucked instrument tool; wooden mouth komuz; self-sounding instrument; music; komuz; bowl; fork; hole; national.

Кыргыз тилиндеги ооз комуздар улуттук музыкалык аспаптардын катарындагы эң байыркы аспаптардын катарына кирет. Какма тилдүү аспаптарга тектеш болгон башка аспаптардын аталыштары тууралуу булактарды тектеш тилдердин адабияттарында бар. Кыргыз тилиндеги музыкалык эмгектерде, сөздүктөрдө ооз комуздун жана ага байланыштуу атоо сөздөрдүн семантикасы тууралуу маалыматтар камтылган. Эмгектерде берилген көрсөткүчтөргө таянуу менен кыргыз улуттук какма музыкалык аспаптардын музыкалык аспап маанисин билдиргендиги, ошондой эле жасалган материалына, аткарган функциясына байланыштуу аталып калгандыгын көрүүгө болот. Бул макалада кыргыз улуттук какма музыкалык аспаптарга байланыштуу сөздөрдүн семантикасы ачылат.

Темир комуз жана жыгач комуз аспаптары какма тилдүү музыкалык аспап болуп саналат. Тилдүү какма аспаптардын эки түрү тең ооздо такап ойнотулган аспаптар. Алгач жыгач ооз комуз пайда болуп, андан соң темир комуз пайда болгон деген ойдобуз. Байыркы кыргыз улуттук музыкалык аспаптардын катарынан орун алган жыгач комуздун пайдаланылуу чөйрөсү тарап, ага атаандаш болгон темир комуз көбүрөөк колдонулган. Натыйжада, темир комуздун өркүндөтүлгөн түрлөрү башка элдерге тараган.

Темир комуздун өзгөртүлгөн түрлөрүнүн дүйнө элдерине тарагандыгы, ага байланыштуу ар түрдүү атоолордун кездешкендиги жазуу системасы элдерге тарагандан кийинки учурга туура келет деген ойдобуз. Себеби, жазуу булактарында темир комуздун түрлөрү тууралуу маалыматтар кездешет. Ал эми жыгач ооз комуз музыкалык аспабынын жазма булактарда учурабагандыгы анын эң байыркы музыкалык аспап экендигин жана жазуу пайда болгонго чейин жаралгандыгын айкындап турат. Жыгач ооз комуз аспабы эң биринчи жолу сары жыгачтан жасалып жана ошол түрү кеңири жайылып, ошого байланыштуу аталгандыгы да “жыгач” сөзү менен байланыштуу каралат.

Музыкалык аспаптар тууралуу эмгектерден темир комуз музыкалык аспабынын шаманизм менен байланышта экендигин [1], ага жакын формадагы аспаптар башка элдерде *темир хомус, хулузун комыс (камыш хомус), кубыз* деп айтылып, жасалышына, чыгарган үндөрүнө жараша ар түрдүүчө аталганын көрүүгө болот [2]. Ошондой эле темир комуз сыяктуу варган тибиндеги музыкалык аспаптардын Орто Азиянын, Сибирдин көп элдерине тарагандыгын, орус тилинде да мындай аспап *варган* же *зубанка* деген ат менен кездеше тургандыгы тууралуу маалыматтар бар [3]. Ооз комуз аспаптарынын дүйнө элдерине тараган аталыштары бул аспаптын эзелки аспаптар экендигин тастыктап турат [4].

Кыргыз элинин улуттук музыкалык какма аспаптарын атоодо оозеки кепте көбүнчө “ооз” сөзү түшүп калып “темир комуз”, “жыгач комуз” деп айтылып жүрөт. Ооздун ичиндеги кыймыл-аракеттен улам ойнолгондуктан жана бул аспаптар комуз музыкалык аспабынан кийин жаралгандыктан ушундай аталышка ээ болгон. Тишке такап кагуудан улам үн чыгаргандыгына жана жасалган затына байланыштуу *ооз комуз, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз* деп аталып калган. Комуз аспабы музыкалык аспап түшүнүгүн туюндурат, ал колдун жардамы аркылуу күү чыгарса, ооз комуз аспаптарында ооздун жардамы менен добуш чыгарылгандыктан ооз комуз деп аталган. Комузда колдун кыймылы керек болгондой, темир ооз комузда да, жыгач ооз комузда да колдор жардамга келет. Жасалган материалына жараша “темир ооз комуз”, “жез ооз комуз”, “күмүш ооз комуз” деп аталган. Көп тараган жана пайдаланылган түрлөрү – темир ооз комуз, жыгач ооз комуз. Бүбү-бакшылык, дубаначылык учурларында темир комузду ырым-жөрөлгө аткаруудагы маанилүү аспап катары колдонушкан. Ой жүгүртүү жана эмгектин негизинде пайда болгон темир комуз аспабында байыркы убактарда негизинен кыз-келиндер ойногондугун “Толгонайдын селкинчеги”, ”Бурулчанын селкинчеги” аттуу күүлөр тастыктайт. Адамдын

тили адамдын айтайын деген ой-пикирин билдирүүдөгү негизи коммуникативдик каражат, адамдын тулку боюнда кездешүүчү ошол тил менен бирге жаак деген аталыш да темир ооз комуз менен жыгач ооз комуз аспаптарында кездешет. Демек, какма музыкалык аспаптарын атоодогу факторлор адамдын дене формасы менен карым-катыштыгы бар экендиги талашсыз.

**Темир ооз комуз.** Оозго салып, ортосундагы тилин сөөмөй менен кагып, көмөкөй аркылуу күүгө келтире турган тилдүү какма музыкалык аспап. Жаактары менен чарасы бөлүксүз, жезден, темирден жасалат. Тили болоттон даярдалат. Ф. Тансу жалпы Орто Азияга таандык болгон темир комуз музыкалык аспабын шаманизм менен байланышта экендигин жазган [1, 104-б.]. Кыргыз эли байыркы доорлордон бери көптөгөн ишенимдерди тутуп келген. Шаманизм доорунда ооз комуз аспаптары аркылуу бүбү-бакшылыкка тиешелүү ар кандай ырым-жөрөлгөлөрдү аткарышкан. Бул жагынан темир комуз музыкалык аспап катары гана эмес, кандайдыр бир магиялык касиетке ээ каражат катары эсептелгендигин да көрүүгө болот.

Б. Алагушов тувалыктарда *темир хомус, хулузун комыс (камыш хомус),* ал эми башкырларда *кубыз* деген какма тилдүү *варган* түрүндөгү аспаптардын жасалышына, тагылышына берген добуштарына байланыштуу ошол нерсенин аты да жардамчы ат катарында кошо айтылганын белгилесе [2, 26-б.], ошондой эле В. Виноградов кыргыздарга жана башка Орто Азиянын, Сибирдин көп элдерине темирден жасалган музыкалык аспап катары белгилүү болгон аспапорус тилинде да “варган” же “зубанка” деген ат менен кездеше тургандыгын жазган [3, 26-б.].

Бул аталыштардын өзү айтып тургандай, темир комузга окшош музыкалык аспаптар жасалган материалына жараша аталгандыгы көрүнүп турат. Орус тилиндеги “зубанка” деген лексикалык компоненттин уңгусу “зуб”. “Зубанка” деп аталганы музыкалык аспапты ыгына жараша тишке такап ойногондугуна байланыштуу. Ал эми *варган* деген сөз музыкалык аспап дегенди туюндурат. *Варган (органон)* грекче “аспап” деген семантиканы билдирет. “Атлас музыкальных инструментов народов СССР” аттуу эмгектен кыргыз тилиндеги темир комуздун башка элдерде учураган түрлөрү тууралуу маалыматтар камтылган. Алар: *вархан, варам-тума, купас* (чуваш); *кубыз* – (татар): *кубыз / кумыз* – (башкыр); *кобыз* (түркмөн); *чанг-кобуз / темир-чанг* (өзбек); *чанг-кобуз / темир-чанг* (тажик); *шанкобыз* (казак); *темир-комыс* (тоолуу алтай); *темир-комыс* (хакас); *кобыз* (батыш сибирь татарлар); *темир-комыс* (тува) [4, 42–187-бб.].

**Жыгач комуз.** Аспаптын жаагын эриндин арасына коюп, тилине бекитилген жипти кагуу аркылуу үйлөп добуш чыгарыла турган тилдүү музыкалык аспап. Сары чычырканак, бөрү караган, кээде шилби жыгач өңдүү катуу жыгачтан даярдалат. Жыгач жукаланып, жаагы менен тили бирге оюлуп жасалат. Узундугу – 155 мм. Жука жыгачтын ортосунан тили оюлат. Анын калыңдыгы – 2–4 мм. Тилдин эки жагындагы алкагы аспаптын жаактары. Ичке уч жагынан оюлган көзөнөккө тагылган жиби илме боосу. Аспаптын жазы келген жерине оюлган жиби какма боосу.

“Жыгач ооз комуз” лексемасынын составындагы “жыгач” сөзү М. Кашкардын «Түрк тилдеринин сөздүгү» эмгегинде “йыгач” деген вариантта учурайт [5, 195–196-бб.]. Ал эми К. Сейдакматов какма тилдүү музыкалык аспаптардын бири болгон “темир ооз комуз” сөзүнүн составындагы “темир” сөзүн эзелки замандарда асмандан түшкөн ыйык зат / металл катары эсептешкенин, бул аталыш биздин эрага чейинки XIV кылымда жазылган хетт жазууларында *“асмандан түшкөн металл / асман темири”* деген мааниде берилгенин, ошондой эле “темир” деген сөз жалпы түрк тилдерине орток болуу менен монгол тилине да таандык экендигин белгилеген.

Ошондой эле кыргыз тилинде чагылган менен кошо түшкөн ташты “кан темир” дешкенин, “темир” жана “теңир” деген сөздөр бири бирине фонетикалык түзүлүшү боюнча да жакын экендигин маалымдаган [6, 110–312-бб.]. “Темир ооз комуз” сөзүнүн курамындагы *темир* лексемасы М. Кашкардын «Түрк тилдеринин сөздүгү» эмгегинде *темүр* деген вариантта кездешет. Анда берилген макалда төмөнкүдөй жазылган: *“Көк темүр киру турмес” – Көк темир кир турбас* (колдонбой жатпас) [5, 631-б.]. Тыбыштык жагынан карасак, “теңир” деген сөздөн бир тамгасы

боюнча айырмаланганы эки сөздүн жакындыгы бар экендигин тастыктап турат. Тарых жагынан карасак да, ислам динине чейин кыргыз эли теңирчиликке ишенгендери анык.

**Какма тилдүү музыкалык аспаптардын бөлүктөрү.** Какма тилдүү музыкалык аспаптарынын жана анын бөлүктөрүнө байланыштуу атоолору жасалган заттарына, функцияларына карата аталган. Мисалы, кыргыз тилиндеги агач комуз – жыгач комуз. Тилдүү какма музыкалык аспаптардын бөлүктөрүн аталышы аткарган функциясы менен байланышта. Темир ооз комуздун бөлүктөрү: темир ооз комуздун чарасы, тили, жаактары. Жыгач ооз комуздун бөлүктөрү: жыгач ооз комуздун жаактары, тили, илме боосу, какма боосу, уч жагында оюлган көзөнөгү.

**Тил (темир комуздун жана жыгач комуздун тили).** Кагып ойноодо добуш чыгаруучу темир ооз комуз жана жыгач ооз комуз аспаптарынын тили. Тил сөзүнүн семантикасы кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө төмөнкүдөй берилген. Алгачкы мааниси омурткалуу айбандардын жана адамдардын оозунун ичиндеги тамакты чайнап жутууга жардам берүүчү, анын даамын аныктоочу, ал эми адамдарда, андан тышкары, табыш чыгарууга катышуучу орган түшүнүгүн билдирет. *Жылдызкандын эриндери кеберсип, тили оозуна батпай суусап жатат* (Байтемиров). Ал эми өтмө мааниси ургулаганда, тартканда же какканда дабыш, үн чыгаруучу, коңгуроонун темир комуздун ж. б. ортосундагы аракетке келип туруучу металлдан жасалган бөлүгү, тилке сыяктанып чыгып турган тетиги деген маанини билдирет. *Коңгуроонун тили. Комуздун тили* [7, 492-б.]. К. Ашыралиевдин “Орхон-енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр” деген эмгектеринде какма музыкалык аспаптарынын бөлүктөрүнүн бири болгон “тил” аталышы азыркы кыргыз тилиндегидей “тил” формасында кездешет [8, 108-б.].

**Чара (темир комуз менен жыгач комуздун чарасы).** Темир комуздун жаактарынын өйдө жагындагы жери. “Чара” сөзү семантикасы боюнча адамдын көздүн чарасы жана идиш-аяк маанисин туюндурат, ошондой эле аңчылык лексикасында да бул лексема кездешет. Комузда да, кыл кыякта да формасы жагынан идиш-аяктагы чарадай болгон жери “чара” деп аталат, ошону менен катар бул эки аспаптын тең чарасынын үстүнө да капкак менен жабылып бекитилсе, ал эми темир комуз менен жыгач комуз аспаптарында жаактары менен чарасы бөлүнбөстөн бир жасалат.

**Жаак (темир комуз жана жыгач комуз музыкалык аспаптарынын жаактары).** Темир ооз комуздун чарасынан кийин уланып турган бөлүгү жаактары болсо, жыгач комуздун ортосундагы тилдин эки жагындагы алкагы аспаптын жаактары. “Жаак” сөзүнүн алгачкы мааниси адамдардын, жаныбарлардын тиштери орногон астыңкы жана үстүңкү бет сөөктөрү. Ал эми метафоралык маанилери: темир ооз комуздун жаактары, жыгач ооз комуздун жаактары. Ошондой эле ат жабдыктарынын ичинен жаак делип жүгөндүн жана тизгиндин ооздуктан башталган эки жак бөлүгү да *жаак* деп аталат. Мисалы: *Тизгиндин жаагын тетири жолго ие тартып, жанылып кетти* ж. б. [9, 181-б.].

**Илме боо (жыгач ооз комуз аспабынын илме боосу).** Жыгач ооз комуздун көзөнөгүнө тагылган жиби. Аны сөөмөйгө илинүүчү боо катары пайдаланышат.

**Жыгач ооз комуз аспабынын какма боосу.** Какма боо – жыгач ооз комузду кагууда кол менен какма боону тартып кага турган бөлүгү. Ал тилчени термелтүүчү кызмат аткарат.

**Көзөнөк (жыгач ооз комуздун жип байлана турган уч жагында оюлган көзөнөгү).** Жыгач ооз комуздун жибин байлоого ылайыкташтырылып оюлган көзөнөк. Ошондой эле кыргыз улуттук музыкалык аспаптардын ичинен комуздун добуш чыгара турган көзөнөгү жана чопо чоордун көзөнөктөрү бар.

Темир ооз комуз, жыгач ооз комуз аспаптары жана ага байланыштуу тилдик каражаттардын аталыштары күнүмдүк турмуш-тиричиликте колдонулган буюм-тайымдарга, адамдын дене түзүлүшүнүн бөлүктөрүнө, кыймыл-аракетке, ошондой эле аткарган функцияларына карата аталган.

Макалада ооз комуздарга тиешелүү лексикалык компоненттердин этимологиясынын ачылышынын өзгөчөлүгү, алардын музыкалык, лингвистикалык адабияттарда кездешүүсү тууралуу маалыматтар берилди. Тилдүү какма музыкалык аспаптардын мүнөздөмөсү, бөлүктөрү тууралуу

жазылып, аталыштардын лексика-семантикалык өзгөчөлүгү талдоого алынды.

Макалада кыргыз тилиндеги какма аспаптарга тиешелүү атоолордун лексика-семантикалык бөтөнчөлүгү ачылды. Семантикасын ачып берүүдө музыкалык адабияттарга, лингвистикалык сөздүктөргө, кыргыз тил илиминдеги изилдөөлөргө шилтемелер көрсөтүлдү. Ооз комуз аспаптарынын тектеш элдерде кездешкен окшош түрлөрүнүн аталыштары тууралуу маалыматтар берилди. Кыргыз тилиндеги какма тилдүү музыкалык аспаптардын сыпатталышы, бөлүктөрү тууралуу жазылып, аталыштарынын лингвистикалык табияты ачылды.

Жыйынтыгында, кыргыз тилиндеги какма музыкалык аспаптар аткаруу техникасы жана музыкалык аспап маанисин бергендигине, ошондой жасалган затына жараша аталып калгандыгы аныкталды. Ал эми ооз комуз аспаптарынын бөлүктөрүнө байланыштуу сөздөрдүн башка музыкалык аспаптарда, адамдын анатомиясына байланыштуу атоолордо жана ошондой эле кыргыз эли пайдаланган башка буюм-тайымды билдирүүдөгү атоолордо да жолугары берилди.

Поступила: 04.04.24; рецензирована: 18.04.24; принята: 22.04.24.

***Адабияттар***

1. *Тансу Ф.* Салттык музыка тарыхы, сактоо жана өркүндөтүү маселелери. Эл аралык илимий семинардын жыйнагы / Ф. Тансу. Бишкек; 24–25 март, 2004-ж. Традиционная музыка и кочевничество в Центральной Азии, 104 б.
2. *Алагушов Б.* Комуз күүлөрүнүн антологиясы: 1-т. / Б. Алагушов. Бишкек, 2011. 277 б.
3. *Виноградов В.* Кыргыз ССРинин музыкалык маданияты / В. Виноградов. Фрунзе, 1958. 68 б.
4. *Вертков К.* Атлас музыкальных инструментов народов СССР / К. Вертков, К.Г. Благодатов, Э. Язовицкая. М., 1975. 399 с.
5. *Кашгари М.* Түрк тилдеринин сөздүгү: 1-т. / Кырг. тил. котор.: Т. Токоев, К. Кошмоков; түз.: М. Кашгари / жалпы ред. А. Акматалиев. Бишкек, 2011. 637 б.
6. *Сейдакматов К.* Сөздөрдүн келип чыгыш тарыхынан: научное издание / К. Сейдакматов. Бишкек, 2005.
7. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). II бөлүк / Ч. Айтматов атын. Тил ж-а адабият ин-ту КР УИА / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; түз.: И. Абдувалиев, А. Кыдырманбетова, Ж. Семёнова ж. б. Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2019. 799 б.
8. *Ашыралиев К.* Орхон-енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр / К. Ашыралиев. Фрунзе: Кырг. ССР ИА, 1963. 121 б.
9. *Усмамбетов Б.* Махмуд Кашгаринин “Дивану лугат ат-түрк” эмгегиндеги турмуш-тиричиликке байланыштуу түшүнүктөрдү туюндурган лексикалык каражаттар (этнолингвистикалык анализ) / Б. Усмамбетов. Бишкек, 2016. 308 б.